Койлубаева А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ТУТУМДАШ ТОЛУКТООЧТУ УЮШТУРУУЧУ КАРАЖАТТАР

Сүйлөмдүн башка мүчөлөрү сыяктуу эле толуктоочтун да өзүнө тиешелүү грамматикалык табияты бар: ал – сүйлөм тизмегинде кыймыл–аракеттин маани-син толуктоочу объект; башкаруучу этиш сөздүн лексикалык маанисинен келип чыгуучу өзүнө мүнөздүү грамматикалык формасы (барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү) бар; толуктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн жана сөз тизмектеринин түзүлүш өзгөчөлүктө-рүнө ылайык анын да ар түрдүү түзүлүштөрү кездешет; сүйлөмдүн бардык мүчөлөрүнүн сүйлөм тизмегинде калыпташкан түз орду болгон сыяктуу толуктоочтун да орун алуу багыты бар.

Сүйлөм мүчөлөрүнүн тутумдаш түзүлүштөрү ар түрдүү. Алар толук маанилүү сөздөрдүн, же толук маанилүү сөздөр менен кызматчы сөздөрдүн тизмегинен, же туруктуу фразеоло-гиялык айкаштардан болот. Тутумдаш толуктоочтун сүйлөм тутумунда багындыруучу сөз менен байланы-шуусунда анын баяндооч сыяктанган экинчи компоненти негизги ролду ойнойт. Бул компонент болуп, негизинен, этиштин атоочтук формасы, сын атооч, бар, жок, көп ашык, кем ж.б. деген сөздөр жана кыймыл атоочтор эсептелет. Атоочтуктар атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч, ат атооч менен тизмектеле айтылып, сүйлөм тизмегинде өзүнөн кийинки айтылуучу заттын ордун ээлеп заттанып жана кыйыр жөндөмөлөрдүн биринин мүчөсүн кабыл алуу менен тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарат:

1. <u>Сен билгенди</u> мен да билем.
2. <u>Алкы бузулгандан </u>алыс жүр.

Азыркы кыргыз адабий тилинде тутумдаш толуктоочту –ган, -ген, -гон, -гөн, -ар, -ер, -ор, -өр, -оочу, -уучу, -үүчү, -бас мүчөлөрү уюштурат. Бул мүчөлөр аркылуу жасалган атоочтуктар менен уюшулган тутумдаш толуктооч башка-рууучу этиштик баяндоочтун маанисин зат менен кыймыл–аракеттин бирге алынган түрүндө толуктайт. Бирок алардын өз ара түзүлүшү тилде колдонулуш мүмкүнчүлүгү жана мезгилдик маанилери (чакты туюн-дурушу) бирдей эмес. Алсак, -ган мүчөсү аркылуу жасалган атоочтук көбүнчө өткөн чакты билдирсе, -ар мүчөсү менен жасалган атоочтук келер чакты, ал эми –оочу, -уучу мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалган атоочтук дайыма болуп туруучу процессти туюндурат. Ушул эле мүчөлөр аркылуу жасалган атоочтуктар тутумдаш аныктоочту жана тутумдаш толуктоочту уюштурган учурда алардын чак жагынан болгон айырмачылыктары сакталат. Бирок, тутумдаш толуктоочко караганда тутумдаш аныктоочту уюштурган учурда аныктоочтун чагы даанараак байкалат. Анткени атоочтук тутумдаш аныктоочту уюштурганда этиштик касиетин толук сактаса, тутумдаш толуктоочту уюштурганда, баштапкы этиштик касиетинен заттык мааниге өтүп кетет.

Атоочтуктун –ган формасы аркылуу уюшулган тутумдаш толуктооч сүйлөм тутумунда, негизинен, этиштик баяндооч менен багыныңкы байланыштын башкаруу жолу боюнча байланышат да көбүнчө өткөн чак мааниде колдонулат.

1. Ушундай деңиз. Шаардагы <u>соода-герлер билгенди</u> сиз биле элек экенсиз.
2. Байкуш кемпир келиндүү болуп, <u>колу узарганга</u> аябай сүйүнүп жүрдү.

Бул сүйлөмдөрдө «соодагерлер бил-генди», «колу узарганга» деген тутумдаш толуктоочтор бар. Биринчи сүйлөмдөгү «соодагерлер билгенди» деген тутумдаш толуктооч бүтүндөй тизмеги менен эмнени? деген суроого жооп берип, «биле элек экенсиз» деген тутумдаш баяндоочко тике объект болуп турат. Чагы боюнча өткөн чак формасында экинчи сүйлөмдөгү «колу узарганга» деген тутумдаш баяндоочко башкарыла байланышып, эмнеге? деген суроого жооп болуп түшүү менен, этиштик баяндоочко кыйыр объект болуп турат. Бул да өткөн чак формасында. Бирок

мындан –ган мүчөсү аркылуу жасалган атоочтук менен уюшулган тутумдаш толуктоочтордун бардыгы өткөн чакта деп айтууга болбойт. Анын чагын ажыратуу, биринчиден, бүтүндөй сүйлөмдүн мазмуну менен байланыштуу болсо, экинчиден сөз болуп жаткан тутумдаш толуктоочту башкаруучу этиштик баяндоочтун чагы жана түзүлүшү менен да байланыштуу кароо зарыл. Үчүнчүдөн, тутумдаш толуктоочтун чагын ажыратууда анын кабыл алып турган жөндөмө мүчөлөрүнүн да мааниси бар экендиги байкалат. Мейкиндик жөндөмөлөрдөгү тутумдаш толуктоочко салыштырганда, табыш жөндөмөсүндөгү тутумдаш толуктооч-тун өткөн чакта колдонулары байкалат.

Тутумдаш толуктоочтор көп мааниде колдонулат:

1. Анархан <u>багы ачылбай жүргөнгө</u> көптөн бери капалуу болуп жүрө турган. (К.Ж.)
2. Анархан Зуннахун кечиккенге тымызын сүйүнүп турду (К.Ж.)

Бул сүйлөмдөрдөгү «багы ачылбай жүргөнгө», «Зуннахун кечиккенге» деген тутумдаш толуктоочтордо себеп маа-ниси басымдуулук кылат. Ошондуктан асты сызылган тутумдаш түзүлүштөгү толуктоочтор өзүнөн кийинки этиштик баяндоочтордун кыймыл–аракеттик манисин толуктап, ага кыйыр объект болуп турат.

Биринчи сүйлөмдөгү сөздөрдү грамматикалык байланыштарынын негизинде төмөндөгүдөй тизмектерге ажыратууга болор эле:

- Ким сүйүнүп отурду?

- Анархан.

- Анархан Зуннахун кечиккенге ичи-нен эмне кылып отурду?

- Сүйүнүп отурду.

- Анархан эмнеге сүйүнүп отурду?

- Зуннахун кечиккенге.

- Анархан кантип сүйүнүп отурду?

- Тымызын.

Мындай жүргүзүлгөн талдоонун неги-зинде төмөндөгүдөй тизмектер келип чыгат:

1. Анархан сүйүнүп отурду.

Анархан – сүйлөм ээси; сүйүнүп отурду – баяндооч.

2. Зуннахун кечиккенге сүйүнүп отур-ду. Зуннахун кечиккенге – тутумдаш кыйыр толуктооч. Ал өзүнөн кийинки этиштик баяндоочтун кандайдыр бир белгиси эмес, анын маанисин толуктоочу объектиси.

3. Тымызын сүйүнүп отурду. Тымызын – сыпат бышыктооч. Ал кыймыл–аракеттин кандай мүнөздө болгондугун билдирип, кийинкинин белгиси болуп турат.

Ошентип, -ган мүчөсү аркылуу жасалган атоочтуктан уюшулган тутум-даш толуктоочтордо, биринчиден, айрым учурларда көп маанилүүлүк болорун белгилей кетүүбүз керек. Экинчиден, алардын синтаксистик милдетин аныктоо

– ар бир конкреттүү сүйлөмдө башкаруучу этиштик баяндооч менен болгон ички катышынын негизинде гана мүмкүн;

- ар мүчөсү аркылуу жасалган атоочтукта жана ошондой тутумдаш толуктоочто келечекте боло турган чактык маани бар.

Бирок мындай конструкцияларда чак маанисинин болушу анын синтаксистик милдетине таасир

этпейт. –ар мүчөлүү атоочтук өзүнөн мурда орун алган атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч менен бирдикте ажырагыс тизмекти түзөт. Ал тизмек заттык мааниге өтөт да, сүйлөм тутумунда өзүнөн кийинки орун алган негизги кыймыл–аракетке (этиштик баяндоочко) объект болуп түшөт.

– ар мүчөсү аркылуу жасалган атоочтуктан жасалган атоочтуктан уюшулган тутумдаш толуктоочтун тике же кыйыр болору аны башкарган этиштик баяндоочтун лексикалык маанисине жараша белгилүү болуп турат. Тагыраак айтканда, башкаруучу этиштик баяндооч, өзүнүн лексикалык мааниси боюнча өтпөс этиш болсо анда кыймыл–аракеттин сферасы объектиге өтпөйт, б.а., объектини өз кучагына ала албайт. Мындай учурда башкаруучу этиштик баяндоочтогу кыймыл–аракет толуктоочко багытталган гана болот. Эгерде тескерисинче, башкаруучу этиштик баяндоочтогу кыймыл–аракет толуктоочко багытталган гана болот. Эгерде, тескерисинче, башкаруучу этиштик баяндооч лексикалык мааниси боюнча өтмө этиш болсо, анда кыймыл – аракет объектиге да өтөт, аны өз кучагына алат. Ошентип, биринчи учурда (өтпөс этиш менен катыш түрүндө) тутумдаш комплекс тике толуктоочтун милдетин аткарат. Бул эки учурда тең тутумдаш толуктооч башкаруучу этиш менен синтаксистик багыныңкы байланыштагы башкаруу жолу боюнча байланышат. Бирок, бул эки учурда башкаруу байланышынын мүнөзү бирдей болбойт. Мисалы, өтпөс этиш менен ички катышта болуп, ага башкарылган кыйыр тутумдаш толук-тоочтун башкарылуусу тике толуктоочко караганда бошоң болот. Ал эми өтмө этишке алда канча бекем байланышары белгилүү.

Азыркы кыргыз тилинде тутумдаш мүчөнүн бардык түрүнүн, анын ичинде толуктоочтун уюшулушунун өнүмдүү жолунун бири – сын атооч аркылуу уюштурулушу болуп саналат. Мындай учурда тутумдаш толуктоочту уюшту-руучу негизги өзөк сын атооч болот да, ал кадыресе толуктооч сыяктуу эле сүйлөм тутумунда баяндоочко багыныч-туу болот. Алар баяндоочтун дал алдына жанаша жайгашат, же баяндоочко тиешелүү башка айкындооч мүчөлөрдөн мурда, стилистикалык инверсияга байланыштуу ээнин зонасынан орун алат. Бул учурда деле грамматикалык жактан баяндооч менен байланышат.

Сын атооч аркылуу уюшулган конструкция атоочтук аркылуу уюшулган тутумдаш конструкция сыяктуу эле тутумдаш толуктоочтун милдетин аткаруу үчүн сүйлөм тутумунда заттык мааниде колдонулушу керек. Сын атооч аркылуу уюшулган конструкция комплекстен (атоочтук түрмөктөн уюшулган тутумдаш толуктоочтон) айырмаланып, толукта-луучу негизги этиштик баяндоочко зат менен кошумча кыймыл – аракеттин биргелешкен объектиси катары колдонулбастан зат менен сапаттык белгинин ажырагыс биримдигинен турган объектиси болуп саналат. Атоочтук аркылуу уюшулган тутумдаш конструкциядагыдай мында чак мааниси болбойт:

1. Көзү сокурга жолуксаң жолук, көөдөнү сокурга жолукпа.
2. Түсү ийгиден түңүлбө.

Биринчи кошмо сүйлөмдүн синтак-систик 1 – компонентинин тутумунда «көзү сокурга» деген тутумдаш кыйыр толуктооч бар. Ал өзүнөн кийинки татаал формалуу тутумдаш баяндоочко багынат да, аны менен ички катышта болуу менен бирге аткарып турат:

I II

Көзү сокурга **жолуксаң жолук**.

«Көзү сокурга» деген тизмек кимге? деген суроого жооп болуп түшөт. Ошого ылайык, бүтүндөй тизмеги менен синтаксистик бир гана функцияны аткарып турат.

Сын атооч аркылуу уюшулган тутумдаш мүчө, ошондой тутумдаш толуктооч тутумдаш

комплекстин өзөгү болуп түшкөн сын атооч сөздүн семантикасы менен байланыштуу. Бул көрүнүш өзгөчө сын атооч аркылуу уюшулган тутумдаш аныктоочтордо ачык байкалат. Ал эми мындай конструкция тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарганда сын атооч өз маанисинде эмес, заттык функцияга өтөт. Ошол себептүү бүтүндөй тутумдаш толуктооч болгон конструкциясын атоочтук семантикасынан аныктайт.

Атоочтук аркылуу уюшулган тутум-даш мүчө, анын катарында тутумдаш толуктооч түзүлүшү боюнча дайым эле эки компоненттүү боло бербестен, айрым учурда татаал составдуу, б.а., көп компоненттүү да болот. Түзүлүшү жагынан атоочтук тутумдаш комп-лекстен айырмаланып, сын атоочтон болгон тутумдаш комплекстен айырмаланып, сын атоочтон болгон тутумдаш толуктооч, негизинен, кыргыз тилинде эки компоненттүү болуп кездешет. Андай болуунун башкы себеби тутумдаш комплексти уюштуруучу атоочтук менен сын атоочтун семантикасында болуу керек. Тактап айтканда, атооч сөздөргө караганда этиш сөздөр өздөрүнүн лексико–семантикалык маанилерине карата багынычтуу группаны (багыныңкы айкындоочу мүчөлөрдү) түзүү жагынан алда канча жөндөмдүү сөз жасоочу мүчөнүн жардамы менен жасалган атоочтуктар да өзүнүн баштапкы этиштик касиетин (этиштик лексико–семантикалык маанисин) сактайт.

1. Көңүлү дайыма ачык жүрүүчү Карып ушундан кийин тунжурап жүрдү (К.Ж.).
2. Кыялдары иш жүзүнө ашканга бардыгы сүйүнүп жүрүштү (Н.Б.).

Биринчи сүйлөмдөгү асты сызылган татаал тизмек тутумдаш аныктооч. Экинчи сүйлөмдөгү «кыялдары иш жүзүнө ашканга» деген татаал тизмек – тутумдаш толуктооч. Алар эмнеге сүйүнүп жүрүштү? деген суроого жооп болуп түшкөн. Мунун тутумунда 4 сөз бар. Бирок аларды айрым–айрым мүчөлөөгө болбойт. Бүтүндөй тизмеги менен бир гана синтаксистик милдетти, тутумдаш толуктоочту аткарып турат.

Сын атооч аркылуу уюшулган тутумдаш мүчөнүн ээ сыяктанган биринчи компоненти көбүнчө жак таандык мүчөнү кабыл алган түрүндө кездешет:

1. Ичи арамдан алыс бол.
2. Көңүлү бузукка кош айтпа.

Сын атооч аркылуу уюшулган тутумдаш толуктооч заттанган учурда кыйыр жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүн кабыл алуу жагынан – ган формасы аркылуу уюшулган тутумдаш толуктооч кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында кездешет.

1. Өткөн заманда өзү чоңго, баласы чоңго, жакын урук тууганы чоңго эч ким сөз айта алган эмес (К.Ж.).
2. Мүнөзү шайырды, көңүлү куунакты таап кел – деп каныбыз буюрду.
3. Колу кууштан, пейили тардан мал сураба, бербейт, шагың сынат (К.К).
4. Эли ынтымактуута эмне арман!», - дептир айласы кеткен хан.

Колдогу материалдарга караганда, сын атооч аркылуу уюшулган тутумдаш толуктоочтун барыш, табыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө кездешкенине караганда жатыш жөндөмөдө колдонулушу сейрек учурайт. Анын себеби мейкиндик жөндөмөлөрүндө болуу керек. Байкоого караганда, барыш, чыгыш жөндөмөлөрдүн мейкиндик мааниси ары ачык айкын, ары басымдуу сыяктанат. Ошол себептүү жатыш жөндөмөдө тутумдаш комплекс көбүнчө орун бышыктоочтун милдетин аткарат.

Сапаттык жана катыштык сын атоочтордун бардыгы тутумдаш мүчөнү, тагыраак айтканда, тутумдаш толук-тоочту уюштурууда бирдей даражада колдонула бербестиги байкалат. Башка сын атоочторго караганда, - луу мүчөсү аркылуу жасалган катыштык сын атооч сөздөр тутумдаш мүчөлөрдү, анын ичинде тутумдаш толуктоочту уюшту-рууда өнүмдүү форма катары кеңири колдонулат.

-луу мүчөсү аркылуу жасалган катыштык сын атооч менен уюшулган тутумдаш аныктооч

аныкталгычтын бир нерсеге ээ экендигин, ээ болгон нерсенин мол экендигин, же аныкталгыч жандуу заттан болсо, аны өзүнө мүнөздүү жекече белгилери боюнча аныктайт.

-луу мүчөсү аркылуу жасалган сын атооч менен уюшулган комплекс заттанып, тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарганда, бир жагынан, мына ушул толуктоочко окшоп кетет. Анткени мындай тутумдаш толук-тоочтордо туруктуу, дайыма болуучу маани болгондуктан, башкаруучу кыймыл - аракеттин (этиштик баяндоочтун) туруктуу белгиси эмес, анын кыймыл – аракеттик маанисин толуктоочу туруктуу объектиси кыймыл – аракетке багынычтуу болгон туруктуу, зарыл элементи болуп саналат.

**Адабияттар**


1. Кононов А. Грамматика современ-ного узбекского литературного языка. -М., 1960.
2. Иманов А. Кыргыз тилинин синтак-сиси. -Б., 1995.
3. Эмір., Эмірова Ж. Жай сөйлем синтаксиси. -Алмата, 2003.